СТУДЕНТТЕРДИН КООМДУК, МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК ГЕЗИТИ

# арабаев пресс

Окуу – түндө алдындагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап

И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КМУ

№003(03) / 6-МАРТ/ 2019

ЖЕЛБИРЕЙТ - БИЛИМ БАЙРАГЫ

"СЫЙЛЫК ЖАЛКЫ, СЫЙМЫГЫ ЖАЛПЫ..."



# ПРЕЗИДЕНТТИН КОЛУНАН "МАНАС" ОРДЕНИН АЛЫШЫМ, УРМАТ-СЫЙГА АРЗЫШЫМ МЕН ҮЧҮН ЧОҢ СЫЙМЫК

Сыйлык, наам деген түшүнүктөр, белгилүү деңгээлде, адамдын кылган кызматына жараша же келечекте жасай турган, сиңире турган салымына жараша эл тарабынан же мамлекет тарабынан ыйгарылган урмат, сый. Бул ар кандай формада, ар кандай көрүнүштө болот. Туура, адам баласынын табиятмаңызы ушундай, кандай жол менен болсо да эптеп сыйлык алуу, наам алуу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонууга аракеттенет. Ким сыйлык, наам алгысы келбейт, ким эл, мамлекет тарабынан бааланып-баркталгысы, сый-урматка арзыгысы келбейт... Бирок ушул жерде негизги бир жагдай эсте болуш керек. Ким эмне кылды, кандай иш жасап, элге эмгеги синди. Ушул маселе туура аныкталышы зарыл.

Уландысы 4-бетте

## КАТ КУРЖУН РУБРИКАБЫЗ СТАРТ АЛДЫ, ЧАМДАҢЫЗДАР

7-бетте

## "СҮРӨТ ТАРТАМ, ГИТАРА, ФОРТЕПИАНОДО ОЙНОЙМ"

7-бетте

## ПОЭЗИЯ ЭС АЛДЫРАТ, ПОЭЗИЯ ЭРГИТЕТ...

8-бетте



## Университеттин эр жүрөк, намыска бек азаматтары майрамыңыздар менен!



## Жакшы китеп чыкканы турат, сүйүнөбүз го!

Университетти бүткөн белгилүү инсандардын омур баяны, кызыктуу маектери камтылган кызыктуу китеп жарык көргөнү турат. Аталган китептин автору университеттин жаштар иштери боюнча комитеттин жетекчиси Садыкбек кызы Жайна. Учурда китеп басмага даярдалып бүтүп, басылуу алдында турат. Китеп басылып бүтөөрү менен ачылышы Бишкекteги маданий жайлардын биринде салтанаттуу белгиленмекчи.



## Жедигер Саалаев КМУнун ардактуу профессору болду

Кыргыз Республикасынын Конституттциялык палатасынын судьясы, белгилүү акын, журналист Жедигер Саалаев И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору наамына ээ болду. 15- февраль күнү университеттин жыйындар залында Ж. Саалаев студенттер менен жолугуп, ырларын төгүлтө окуп берип, студенттердин суроолоруна ачыла жооп берди. Чыгармачыл кечеге окуу жайдын ректору Төлөбек Абдырахманов баштаган жетекчилер катышты. Эске салсак, Ж. Саалаев коомчулукка журналист, акын жана юрист катары таанымал. Бир канча ыр жыйнактардын автору.



## ПРЕЗИДЕНТТИН СТИПЕНДИЯСЫН АЛГАН СТУДЕНТТЕРДИ РЕКТОР КАБЫЛ АЛДЫ

Президенттик стипендияга ээ болгон студенттерди университеттин ректору Төлөбек Абдырахманов кабыл алып куттуктады жана студенттердин окууларына албан ийгиликтерди каалады. Эске салсак, жыл башында И. Арабаев атындагы КМУнун төрт студенти президенттин стипендиясына ээ болгон.



## Абдышүкүр Нарматов КМУнун ардактуу профессору болду

КМУнун ардактуу профессору наамы белгилүү теолог, Кыргыз ислам университетинин ректору, Абдышүкүр Нарматовго да берилди. А. Нарматовго наамды университеттин ректору Төлөбек Абдырахманов Кыргыз Ислам университетинин жыйындар залында, окумуштуулар кеңешинин катышуусунда тапшырды. А. Нарматов И. Арабаев атындагы КМУнун жетекчилигине жана жалпы жамаатына ыраазычылыгын билдирип, ал жетектеген Кыргыз Ислам университети менен Арабаев атындагы КМУнун алакасы мындан ары да жакшыра берээрине ишеничи чоң экенин баса белгиледи.

МАЙРАМЫҢЫЗДАР МЕНЕН!



# Кымбаттуу Арабаев атындагы КМУнун мырзалары, Сиздерди Ата-Мекенди коргоочулар күнү менен чын жүрөктөн куттуктайм!

Биздин жашообуздагы эң баалуу нерсе - бул тынчтык жана бакубат жашоо. Ошондуктан 23-февраль майрамы көп жылдан бери өзгөчө мааниге ээ болуп келе жатат. Ушул күнү биз мамлекетибиздин эгемендигин жана улуттук кызыкчылыктарын коргогон жана коргоп жаткандардын, Кыргызстандын тынчтыгын жана бейкут жашоосун сактагандардын баардыгына сый-урмат көрсөтүп ыраазычылык билдиребиз. Биз Ата-Мекенибиздин тарыхынын эң оор мезгилдеринде анын келечегин коргоп жана сактап калган баатырлардын эрдигине сый-урмат менен мамиле кылып дайыма эскерип турабыз. Ата-Мекенди коргоочу — бул бир гана чеп бетинде турган жоокер эмес. Бул — биздин экономикабызга, саламаттык сактоого, билим берүүгө, маданиятыбызга жана идеологиябызга күн сайын эмгеги менен салымын кошуп жаткан ар бир атуул, Кыргызстандын ар бир жараны. Тандаган кесибибиздин түрүнө карабастан ар бирибизге үй бүлөлүк очоктун чыныгы коргоочусу болуу, жакындарыбыз жана жакшы санаалаштарыбыз үчүн тирек болуу, өз өлкөбүздүн татыктуу жараны болуу деген ардактуу милдет жүктөлгөн. Анткени ар бирибиз өз ишибизди ак ниеттүү, жоопкерчиликтүү жана так аткаруу менен мекенибиздин бакубат жашоосуна жана өнүгүшүнө чоң салымыбызды кошобуз. Урматтуу кесиптештер, студенттер ушул майрам күнү бардыгыңыздарга бекем ден соолук, күч кубат, үй бүлөңүздөргө бакубат турмуш, кесиптик жана коомдук ишиңиздерде жогорку жетишкендиктерди каалайм! Ар дайым жергебизде тынчтык жана бейпил жашоо өкүм сүрсүн, ар бир үйгө береке жана ырыскы толсун!

**Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, профессор Абдырахманов Төлөбек Абыловыч!**

## Студенттерибиз байгеге ээ болушту, баракелде дейличи!

9-февралда Кыргыз экономикалык университетинде “Кыргызстан жана анын аймактары” деген аталыштагы интеллектуалдык таймаш болуп өттү. Ага биздин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетибиздин “АСК” жана “Билге” командалары катышып, “Билге” командасы 4- орунду багынтып, саат утуп алса, “АКС” командасы 5- орунду алып, Кыргызстандын бир аймагын көрүп келүү боюнча атайын “тур” белекти утуп алышты. Эске салсак, аталган таймаш Билим берүү жана илим министрлигинин көмөгү менен уюштурулган. Ошондой эле “Билим сервис”- уюму, “Ачык Азия” туристтик агенттиги жана “Билайн” уюлдук компаниялары колдоого алган.



## Келип китеп ал!



И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 2- корпусунда жайгашкан “Коронго” китеп дүкөнүнүн ачылганына аз убакыт болсо дагы китептер өз окурманын таап, дүкөнгө келген китеп сүйүүчүлөрдүн саны күн санап көбөйүп жатканын өз көзүбүз менен көрүүдөбүз. Аталган дүкөндө чынында жакшы китептер бар экен. Баасы да капчыкты какпай турган, арзан баадагы китептерди табууга болоорун айта кетели. Ушул эле дүкөндөгү китептер борбор калаадагы башка дүкөндөрдө бир топ кымбат баада сатылууда. Андыктан дүкөнгө келиңиз да китеп алып окуңуз!

## Биз аркылуу өзүңүздү таанытыңыз!

Колуңуздарга алып окуп жаткан университеттин “Арабаев пресс” аталышындагы гезит Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өттү. Тактап айтканда юридикалык жактан мыйзамдуу документке ээ болдук. Гезиттин чыгуусу эми жанданып, кызыктуу маалыматтарды сиздерге сунуштап турууга болгон күч аракетибизди жумшамакчыбыз. Бизден алыстабай, биз менен бирге болуңуздар! Макала, аңгеме, ыр ж.б. кол жазмаларды сиздерден күтөбүз, урматтуу Арабаев атындагы КМУнун окутуучулары жана студенттери. Жакынкы жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети башка университеттерден алдыга озуп, алгалоого тийиш. Ал үчүн университеттин жалпы жамааты баарыбыз жапа тырмак аракет кылууга тийишпиз. Бүгүнкү шартта, атаандаштык күч алган базар экономикасынын шартында мектеп бүтүрүүчүлөрүн окуу жайыбызга тартуунун бирден-бир куралы бул маалымат каражаты. Андыктан, университеттин маалымат каражатын күчтөнтөлү. Жакшы иштерди жашырбайлы, факультеттерде болуп жаткан жакшы маалыматтарды биз аркылуу ректоратка, коомчулукка таратып туруңуздар. Биздин редакцияда, Мамлекеттик тил жана коммуникациялар боюнча бөлүмүнүн астында “Арабаев пресс” гезити, “Арабаев KG”, “Arabaev news. com” сайттары жана “Жарчы” илимий журналы бар.


арабаев пресс

КАТ КУРЖУН РУБРИКАБЫЗ СТАРТ АЛДЫ, ЧАМДАНЫҢЫЗДАР

Университеттин эр журок, намыска бек азаматтары майрамыңыздар менен!

"СҮРӨТ ТАРТАМ, ГИТАРА, ФОРТЕПИАНОДО ОЙНОЙМ"

ПРЕЗИДЕНТТИН КОЛУНАН "МАНАС" ОРДЕНИН АЛЫШЫМ, УРМАТ-СЫЙГА АРЗЫШЫМ МЕН ҮЧҮН ЧОҢ СЫЙМЫК

ПОЭЗИЯ ЭС АЛДЫРАТ, ПОЭЗИЯ ЭРГИТЕТ...

Жедигер Саалаев КМУнун ардактуу профессору болду

## Студент Питерде практика өтөйт



Университеттин Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин 3-курсунун студенти Мырзабек Кожомбердиев Москванын Питер шаарына барып бир айлык практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ал мындай жакшы мүмкүнчүлүккө сынакка катышып жетишкен. Студент практикасын журналистика илими боюнча өтөмөкчү. Бул жакшы ийгиликтин артында факультеттин башчылыгы жана аны окуткан мугалимдер тураары белгилүү эмеспи. Мырзабек Кожомбердиевдин аракети башка студенттерге дагы үлгү болууга тийиш!




# Университеттин таланттуу акын студенттери “Мөл булак” аттуу китеп чыгарышты

Ишеналы Арабаев атындагы КМУда уюшулган “Жаш калемгерлер”- ийрими таланттуу, көп нерсеге кызыккан, кесип алууга, турмушка болгон көз карашын калыптандырууга, өздөрүн ар тараптан өстүрүүгө, ошондой эле адабият дүйнөсүнүн жан дүйнө азыгына аралашып, адабияттын түркүн маселелерин үйрөнүүгө аракет кылган, поэзияга, прозага кызыгып калем сынагысы келген жаштардан уюшулган. Алар университеттин ар кайсы факультеттеринде окушат. Ийрим уюшулгандан бери билинбестен арадан 10 жылдан ашык мезгил өтүп кетиптир. “Убакыт-учкан куш” сыяктуу деген сөздүн калети жок окшобойбу... Ушу мезгилде таланттуу жаштардын карлыгачтары окуусун аяктап, өлкөбүздүн ар кайсы жерлеринде билим берүүдө, маданияттын ар кандай тармактарында эмгектенип жатышат. Алардын кээ бирлеринин ырлары “Саамалык” адабий жыйнагына да жарыяланган.

“Жаш калемгерлердин” ар бир жараткан чыгармаларын угуп, окуп жатып, биз, поэзия ышкыбоздору сыймыктанабыз! Жаш калемгерлердин бул жыйнагы “Мөл булак” деп атадык. Себеби чыгармачылыктын түйшүктүү жолуна түшкөн калемгерлерибиз таза, тунук мөл булакка окшош, булак дарыяга айланып, улуу мухитке кошулат. Биздин үмүтүбүз дал ушул калем кармаган жаштардын арасынан кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк адабияттын Айтматов сыяктуу генийлери чыгат, ишенчибиз чоң.

Университетте өткөрүлгөн акын-жазуучулар менен болгон жолугушуу кечелерине, жыл сайын жарыяланган даталуу иш чараларга жаш акындар дайыма кызыгуу менен чыгармаларын жаратып келишет жана ар кандай адабий конкурстарга катышып жатышат. Баалуу сыйлыктардын жана гран-прилердин 1-2-3-даражадагы дипломдордун ээлери болуп саналышат. Эмесе, “Жаш калемгерлер” силердин мындан ары араңар көбөйүп, талантыңар ташкындай берсин деп айткыбыз келет. Бул жыйнакты чыгарууда зор салымын кошкондугу үчүн КМУнун ректору, профессор Төлөбек Абылович Абдырахмановго, Дене тарбия жана жаштар иштери боюнча проректору М. Б. Оңолбаевге жана материалдарды топтоодо зор күжүрмөндүгүн көрсөткөндүгү үчүн мамлекеттик тил бөлүмүнүн башкы адиси Э. К. Мусаевге жана гуманитардык илимдер факультетинин 3-курсунун студенти Бермет Ракыбаевага зор ыраазычылык билдиребиз.

**“ЖАШ КАЛЕМГЕРЛЕР” ИЙРИМИ-АЛГА!**

**СҮЙҮН КАРАГОЗИЕВА,**
*“Жаш калемгерлер” ийриминин жетекчиси*

АЛДЫГА ТУУРА МАКСАТ КОЮП, ОШОЛ МАКСАТКА ЖЕТЕМ ДЕП ТАЛПЫНГАН СТУДЕНТТЕР АЗ ЭМЕС. АНДАЙ АРАКЕТЧИЛ СТУДЕНТТЕРДИН АЛДЫҢКЫЛАРЫ ЖЫЛ САЙЫН ӨЛКӨ БАШЧЫНЫН КОЛУНАН АТАЙЫН СТИПЕНДИЯ АЛЫП КЕЛИШЕТ. БЫЛТЫР ЖЫЛ СОҢУНДА ПРЕЗИДЕНТТИН СТИПЕНДИЯСЫ 50 ДӨЙ СТУДЕНТКЕ ТАПШЫРЫЛДЫ. АЛАРДЫН ИЧИНЕН БИЗДИН И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ТӨРТ СТУДЕНТТИ АТАЛГАН СТИПЕНДИЯГА ЭЭ БОЛУШТУ. ОКУУ ЖАЙЫБЫЗДЫН АТЫН ЧЫГАРЫП, БАШКА СТУДЕНТТЕРГЕ БИЛИМ ЖАГЫНАН ҮЛГҮ БОЛГОН АЛ ТӨРТ СТУДЕНТИБИЗДИН КЫСКАЧА ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫН СИЗДЕРГЕ СУНУШТООНУ ТУУРА КӨРДҮК... ЭМЕСЕ ТААНЫШЫП КОЮҢУЗ...



# Президенттин колунан стипендия алган студенттерибизге алкыш!





**КУБАТБЕКОВА ЧОЛПОНАЙ, И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН 4-КУРСУНУН СТУДЕНТИ:**

Чолпонай, 1998-жылы 6-июлда Ысык-Көл облусуна караштуу, Тоң районун Кызыл-Туу айылында туулган. Кызыл-Туу айылындагы М. Жумаев атындагы орто мектепти бүтүргөн. Учурда И. Арабаев атындагы КМУнун филология факультетинде 4- курста билим алууда.



**АБДЫЛДАЕВ БЕКТУРСУН, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН 4-КУРСУНУН СТУДЕНТИ:**

Бектурсун, Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районундагы Көк-Арт айылында 1997-жылы туулган. Айылдагы Ж. Субанов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Учурда И. Арабаев атындагы КМУнун филология факультетинин 4-курсунун студенти.



**ЖАНЫБАЕВА АСЕЛ, КМУНУН ЛИНГВИСТИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН 4-КУРСУНУН СТУДЕНТИ:**

Асел, 1997-жылы 21-декабрда Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районундагы Кара-Бүргөн айылында туулган. 2004-2015-жылдары ошол эле айылдагы Мукаш Базаркулов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Учурда И. Арабаев атындагы КМУнун лингвистика факультетинде 4-курста окуйт.



**ЖУМАБЕК УУЛУ УЛАН, И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН ТАРЫХ ЖАНА СОЦИАЛДЫК УКУК ТААНУУ ФАКУЛЬТЕТИНИН СТУДЕНТИ:**

Улан, Нарын облусуна караштуу Ат-Башы районундагы Бирлик айылында 1997-жылы 16-июлда жарык дүйнөгө келген. Бирлик айылындагы Самудин Мурзакматов атындагы орто мектепте билим алган. Азыркы учурда И. Арабаев атындагы КМУнун алдындагы тарых жана социалдык укуктук билим берүү факультетинде 4-курста окуйт.

---

ИНСАНАТ

# Арабаев атындагы КМУда билим алган ардактуу асыл айымдар!

МЫНДАН АРЫ УНИВЕРСИТЕТТИ ОКУП БҮТКӨН, КЫРГЫЗ КООМЧУЛУГУНА АТТЫН КАШКАСЫНДАЙ ТААНЫМАЛ ИНСАНДАРДЫ СИЗДЕРГЕ МААЛЫМДАП ТУРУУНУ ТУУРА КӨРДҮК. КЕЗЕКТИ АЙЫМДАРДАН БАШТАДЫК. БУЛ ЖОЛУ ЖАЛАҢ МАДАНИЯТ, АДАБИЯТ АЙДЫҢЫНДАГЫ КӨРҮНҮКТҮҮ АЙЫМДАР МЕНЕН ТААНЫШЫП АЛЫҢЫЗДАР. КИЙИНКИ САНЫБЫЗДА КЕЗЕКТИ МЫРЗАЛАРГА БЕРМЕКЧИБИЗ. БИЗ СУНУШТАЙ ТУРГАН КААРМАНДАРДЫН АРАСЫНДА МАДАНИЯТ-АДАБИЯТ ӨКҮЛДӨРҮ, ДЕПУТАТТАР, КООМДУК ИШМЕР, АГАРТУУЧУ, ОКУМУШТУУЛАР БАР. БҮГҮНКҮ ОКУП ЖАТКАН СТУДЕНТТЕРДИН АРАСЫНАН ДАГЫ УБАГЫ КЕЛГЕНДЕ МЫНА УШУНДАЙ БЕЛГИЛҮҮ ИНСАНДАР ЧЫГАТ ДЕГЕН ИШЕНИМДЕБИЗ.



Роза Айтматова, коомдук ишмер, публицист:



Садыбакасова Гүлшайыр, Кыргыз Эл артисти



Майрамкан Абылкасымова, Кыргыз Эл акыны



Жамалбүбү Калыкова, КРнын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер



Алтынай Нарбаева, КРнын эмгек сиңирген артисти



Гүлшан Молдоева, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер



Кайыркүл Сартбаева, СССРдин Эл артисти



Салтанат Саматова, КРнын маданиятына эмгек сиңирген мугалими



Эсенбүбү Нурмамбетова, КРнын Эл артисти



Гүлсайра Момунова, Кыргыз Эл акыны

КААРМАН...

*Сыртбай Мусаев, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Лингвистика факультетинин деканы, КРнын Улуттук Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү:*

# Президенттин колунан "Манас" орденин алышым, урмат-сыйга арзышым мен үчүн чоң сыймык

***- Сыртбай агай, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы «Лингвистика” институту учурда кандай иштерди жасап жатат, илим жаатында кандай өнүгүүлөр бар?***

- Эми маселе мындай, биздин университет – Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын алгачкыларынын бири. Бул университеттин тарых-таржымалы өткөн кылымдын 50-жылдарынан башталат. Согуш аяктаары менен кыргыз кыз-келиндерин билимге тартуу, окутуу, алардан агартуучулук адистиктеги кадрларды даярдоо багытындагы окуу жайы катары биздин университетибиз педагогикалык училищанын базасында жаралган. Биринчи директору А.Жолдошова эже болгон. Ал эми 1952-жылы немис тили бөлүмү уюшулуп, андан кийин калган бөлүмдөр ачылган. Бул эми тарыхтын бир үзүмү...

Ушул тарыхтын белгилүү бир бүктөмдөрүндө бул университетке кыргыз элинин улуу уулу, кыргыз интеллигенциясынын “молдокеси”, биринчи окумуштуу, биринчи методист, кыргыз тили боюнча жазылган биринчи окуу китебинин түзүүчү автору, бүгүнкү Илимдер улуттук академиясынын биринчи Президенти (мен ушинтип эсептейм 1920-жылы мамлекеттик окумуштуулар кеңешине караштуу билим комиссиясынын кыргыз бөлүмүнүн (төрагасы), араб графикасындагы кыргыз алфавитинин биринчи түзүүчүсү улуу педагог Ишенаалы Арабаевдин ысымынын ыйгарылышы эле символикалуу жана ардактуу. Анткени биздин университет – маңыз-мааниси, мазмуну боюнча педагогикалык университет. А педагогикалык университет – университеттердин эң мыктысы, эң керектүүсү, элге эң пайдалуусу..., өлкө президентинен баштап баардыгыбыздын сабатсыздыгыбызды жоюп, баарыбызга А арибин үйрөткөн ушул педагогдор – мугалимдер эмеспи...

Бүгүнкү күндөгү “Лингвистика” институту биздин ушундай университетибиздин курамдык бөлүмдөрүнүн бири. Университеттин курамдык башка бөлүмдөрү менен биргеликте биздин институт – чет тилдер боюнча замандын бүгүнкү талабына төп келген, компетенттүү, атаандаштыкка туруштук бере ала турган профессионал адистерди даярдоо багытында үзүрлүү иштеп келе жаткан институттардын бири. Бул – жөн эле кадыресе айтылган сөз эмес, бул реалдуулукка негизделген чындык көрүнүш. Маселен, биздин бүтүрүүчүлөрдүн көбү бүгүнкү күндө Африкада, Америкада, Европанын дээрлик баардык өлкөлөрүндө, Азия өлкөлөрүндө, мурдагы ССРдин кеңири аймагындагы улуттук айрым республикаларда иштеп, эчак бутуна туруп кетишкен. Көпчүлүгү жергиликтүү мектептерде, ЖОЖдордо билим берүү системасында эмгектенип жүрүшсө, бир тобу мамлекеттик, муниципалдык кызматтарда иштеп жүрүшөт, элчилик кызматтарда иштегендери да жок эмес. Бул эмнени билдирет? Бул тил билүү адам мүмкүнчүлүгүн ачат”, - дегенди билдирет, бул “канча тил билсең, ошончо жолу адамсың”, – дегенди билдирет, бул “тил билсең”, кучакташасың, тил билбесең, бычакташасың, – дегенди билдирет. Демек, биздин студенттер – алтымыш элдин тилин билген, андан көп элдин дилин билген”, “дилим бул – тилим, тилим – бул дилим” деген түшүнүк менен өмүр кечирген жаштар. Ал эми ушул жаштарга билим берген, тарбия берген, тил үйрөткөн, дилин тазарткан, өз баласындай бөпөлөп, алардын ийгилигине ичинен кубанган окутуучу педагог мугалимдерибиз да адис катары жогорку компетенциядагы адамдар, профессионал эжейлер.



Биздин институттун окутуучуларынын ар бири өз ишин мыкты билген адис катары ошол тил үйрөтүүнүн, билим берүүнүн заманбап методикаларын иштеп чыгуу менен, студенттерге сапаттуу сабак өтүүнү өздөрүнүн негизги максат-милдети катары эсептешет. Бул багытта ар бир кафедра окуу-методикалык комплекстердин ар кыл формаларын иштеп чыгуу менен, аларды апробациядан өткөрүшүүдө. Окутуучунун негизги милдети - сапаттуу билим берүү. Ушул багытта, б.а. сабакты уюштуруу, сабакты өткөзүү, сабакты материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу, сабакты көзөмөлгө алуу боюнча баардык иштер өз деңгээлинде жасалып жатат.

Ал эми илимий иштерди жүргүзүүдө айрым бир чечилбей келе жаткан жагдайлар бар. Бул институттун, адистиктин өзгөчөлүгү менен байланышкан. Анткени бизде чет тили боюнча сабактар башка адистиктерден айырмаланып, негизинен, практикалык мүнөздө болот, башкалардагыдай бизде “ желсааттар” жок, пассивдүү сааттар аз, мугалимдерибиз күнүгө активдүү саат өтүшөт, чарчашат, илимге убакыт аз калат... Ушул сыяктуу объективдүү жагдайлар бар. Бирок ошого карабай 2018-жылы биздин эки кызматкерибиз Ш.Кадырова жана С.Садыкова өздөрүнүн доктордук диссертацияларын коргоду. Булар – тарыхта чет тилчилеринин ичинде ушул университеттин өзүнөн чыккан биринчи докторлор. Жаштардын ичинен да илимге баш-оту менен кирген изилдөөчүлөрүбүз жок эмес. Буюрса келечекте алар да илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, кандидаттык, докторлук диссертацияларын коргошот деп мен ишенем... Илимий отчёттордо “Лингвистика” институту Университетте такай алдыңкы орунду ээлеп келе жаткандыгынын өзү эле илим кандай деңгээлде коюлгандыгын айгинелеп турат го...

Биздин институтта Улуттук илимдер академиясынын академиги, корреспондент-мүчөсү, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер ж.б. иштешет

***- Институтта окутуучуларды илимий-методикалык, квалификациялык деңгээлин жогорулатуу боюнча кандай алгылыктуу иштерди жүргүзөсүздөр?***

- Бул маселе – биздин институттун негизги иштеринин бири. Окутуу, билим берүү илимге негизделиши керек, окутуунун илимий-теориялык, илимий-методикалык базасы чың болушу керек. Ушул өңүттө баардык кызматкерлер чыгармачылык жигер менен эмгектенишет.

Илимий макалалар жазылып, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Институттун грифи менен И.Арабаев атындагы университеттин “Жарчысынын” филологиялык илимдер сериясы квартал сайын чыгат, бул журналга Республика боюнча филологдордун макалалары басылып турат.

Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу Университет тарабынан уюштурулган ар кандай тренинг-семинарлар аркылуу ишке ашат. Мындан сырткары эл аралык уюмдар, элчиликтердин профессионал адистери өткөргөн тренингдер биздин мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун бирден бир мүмкүнчүлүгү. Ал эми Оксфорд университетинин өкүлчүлүгүнүн биздин университет менен түздөн-түз иштеши, биздин студенттерибизди Оксфорд университетинин окуу программасы, окуу китептери менен окушу да аталган маселенин жогорку деңгээлде уюштурулгандыгын көрсөтөт. Ачык айтышым керек, билимди жогорулатуу боюнча эл аралык сертификатты эң көп алган окутуучулар - биздин институттун окутуучулары. Биз эл аралык уюмдар менен түздөн-түз кеңири иштешкен структура катары англис, немис тилдери мугалимдеринин республикалык съезддерин, форумдарды такай өткөрүп келебиз.

Бул дагы окутуучулардын профессионалдык компетенцияларын жогорулатууга түздөн-түз таасир этет...

***- Сиздердин институтту аяктаган студенттер иш орду менен камсыздалып жатышы кандай абалда деп ойлойсуз?***

- Чындыгында бул маселе республика боюнча кыйын абалда экендиги талашсыз. Бүтүрүүчүлөргө иш таап берүү институттун, университеттин милдети эмес, биздин милдет билим алам деген кимге болсо да билим берүү, бүтүрүүчүлөргө иш таап берүү, аларды ишке орноштуруу биздин иш эмес. Ушуну так, туура түшүнүшүбүз керек, муну министрлик да билиши зарыл. Бул эми менин жеке пикирим.

Биздин студенттер, жогоруда айтпадымбы, тил билгендиктен чет өлкөлөрдө иштеп жүрүшөт, мектептерде иштеп жүрүшөт, мамлекеттик, муниципалдык кызматтарда иштеп жүрүшөт, бизнеске кеткендер да бар, кыскасы иш таап алгандар арбын, ишсиз көчөдө калганы жок.

***- Жакында эле Президенттин колунан Кыргыз Республикасынын III даражасындагы «Манас» орденин алдыңыз. Эл ичинде сыйлыкты көп учурда чуркагандар алары айтылып жүрөт, наам-сыйлык тууралуу ой-пикириңизди уксак.***

- Сыйлык, наам деген түшүнүктөр, белгилүү деңгээлде, адамдын кылган кызматына жараша же келечекте жасай турган, сиңире турган салымына жараша эл тарабынан же мамлекет тарабынан ыйгарылган урмат, сый. Бул ар кандай формада, ар кандай көрүнүштө болот. Туура, адам баласынын табият-маңызы ушундай, кандай жол менен болсо да эптеп сыйлык алуу, наам алуу үчүн ар кандай ыкмаларды колдонууга аракеттенет. Ким сыйлык, наам алгысы келбейт, ким эл, мамлекет тарабынан бааланып-баркталгысы, сый-урматка арзыгысы келбейт... Бирок ушул жерде негизги бир жагдай эсте болуш керек. Ким эмне кылды, кандай иш жасап, элге эмгеги сиңди. Ушул маселе туура аныкталышы зарыл. Тилекке каршы, айрым учурларда Сиз айткандай “ары чуркап, бери чуркап”, “мага сыйлык бергиле, мен кыйратып тыштадым” – деп өзүн-өзү көкүрөккө койгулагандар да болгон, түндүктөн түшө калгандар да, капталдан чыга калгандар да болгон. Муну тана албайбыз. Сыйлык, наам көп жыл иштегендиги үчүн эмес, кандай иштегендиги үчүн, сиңирген эмгеги, кызматы үчүн берилет. Көп жыл иштеп, маяна алып, жаныбызды, бала-бакырабызды багып келебиз. Бул үчүн сыйлык, наам сурабашыбыз керек. Башкалардан өзгөчөлөнгөн эмгек, башкалардан көп эмгек үчүн сыйлык, наамга көрсөтүлөт. Кээде сыйлык чоңдордун көөнүнө жаккан дежурларга да берилип кеткен учурлар болгондугун жашырууга мүмкүн эмес. Ошол үчүн эл айтып жатат да. Маселен, К.Бакиевдин учурунда кандай гана сыйлыктар, наамдар кимге гана кеткен жок. А.Атамбаев кетээринде “пачкалап” кимге гана сыйлык, наам берген жок. Албетте, татыктуулар да бар арасында, бирок мени кечирип коюшсун, көбү дежурлар алды го шоопуру, жансакчылары, достору баш болуп. Бул сыйлык, наамдын кадыр-баркын кетирет, элдин ишенимин кайт, кылат. Мен мындай сыйлыкты А.Атамбаевдин деле учурунда алмакмын. Ал мени үч жолу чакырып кабыл алганда, конституциянын кыргызча тексттин оңдоо үчүн комиссияга мени төрага кылып иштеткенде элдин көзүнчө айткан, "Сизге мамлекеттик сыйлык берем" деп, бирок мен сыйлык берүү бөлүмүнө документ тапшыргым келбеди, А.Атамбаевден сыйлык алгым келбеди. Билбейм эмне үчүн экендигин, кежигем кер тартып документ чогултпай койдум. Бирок буюрган нерсе келет экен. Мен өзүм урматтап сыйлаган, Кыргызстанды оңдойт, түз жолго салат деп чоң ишеним арткан, кылып жаткан ишин, саясатын колдогон Президентибиз Сооронбай Шариповичтин колунан III даражадагы «Манас» орденин алышым, ошол урмат-сыйга арзышым мен үчүн чоң сыймык. Сыйлык меники болгону менен сыймыгы кыргыз эли, кыргыз тили үчүн иштегендердики, күйгөндөрдүкү, менин кесиптештеримдики, мени билгендердики, институтубуздун, университетибиздин жалпы жамаатыныкы, жалпы элибиздики. Анткени “сыйлык жалкы, сыймыгы жалпы”, - дейт эмеспи...

***- Гезиттин ишине кандай каалоо-тилек айтат элеңиз.***

- Эмне дейбиз. Биздин университеттин тарыхында, мен билгенден (балким жаңылып жатам) мындай форматта биринчи жолу гезитибиз чыгып жатат. Бул – экинчи саны. Гезит чыгарган редакцияга, редколлегияга чоң ыраазычылык билдирем. Гезитибиз биз сүйүп окуган гезитке айлансын, тиражы миң-сандап өссүн. Туулганына да, тураарына да сүйүнөлү.

УМТУЛУУ...

*Маматкан Чоров, И.Арабаев атындагы Кыргыз улуттук университетинин биология жана химия факультетинин деканы:*

# “Декан кафедра башчылары менен кеңешип, калыс иш алып баруусу зарыл”

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУДАГЫ АЛДЫҢКЫ ФАКУЛЬТЕТТЕРДИН БИРИ БУЛ ХИМИЯ ЖАНА БИОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ. АЛДЫҢКЫ ДЕГЕНИБИЗ БУЛ ФАКУЛЬТЕТТИН ИШИ АЛГА ЖЫЛЫП ЖАТКАНДЫГЫН БАЙКООГО БОЛОТ. ФАКУЛЬТЕТТЕГИ АТКАРЫЛЫП ЖАТКАН ИШТЕР ЖАНА ӨЗҮНҮН БУГА ЧЕЙИНКИ БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛУ, ИШ ТАЖРЫЙБАСЫ ТУУРАЛУУ БИЗГЕ ФАКУЛЬТЕТ ДЕКАНЫ МАМАТКАН ЧОРОВ АГАЙ ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ АЙТЫП БЕРДИ...



***- Маматкан Жетимишевич, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде иштеп келе жатканыңызга канча жыл болду?***

-Биз иштеп жаткан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин биология химия факультетинин түзүлгөнүнө 65 жылдан ашты. Тагыраак айтканда факультет 1952- жылы түптөлүп, алгачкы бүтүрүүчүлөр биология адистигине ээ болуп чыгышкан. Менин бул факультетте эмгектенип жатканыма 31 жыл болду. 1988- жылы 23-февралда ишке алынып, ошондон бери аталган факультетте үзүрлүү иштеп келе жатам. Университетке чейин Айыл чарба министрлигинин алдында өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча 6 институт бар эле.Ошол институттардын бирөөндө иштегем.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин биология факультетин окуп бүтүргөм. Ал учурда КУУ университети “ССРдин элүү жылдыгы”- деп аталчу. Ал жактан мага көптөгөн белгилүү инсандар сабак беришкен. Алардын бири раматылык Рахат Ачылова эже болчу. И. Арабаев атындагы КМУга мугалим кылып ишке алган дагы Рахат эже болгонун сыймыктануу менен айтып келем. Рахат эже КМУга ректор болгондо эжеге келип мен ушундай илимий кызматкер болсом деген ой-максатым бар десем эже бир жума өтпөй эле азыркы Ж.Абдрахманов көчөсү менен төмөн карай түшкөндө И. Арабаев атындагы КМУнун ботаникалык бакчасы бар болчу, ошол жака талаа практикасын өндүрүү боюнча агроном кылып ишке алган. Андан кийин агрономдуктан тышкары студенттерге сабак берип мугалим болуп да эмгектенип жүрдүм. Бир аз иштегенден кийин биротоло мугалимдик кесипке өтүп, окутуучу, ага окутуучу, анан улук окутуучу, доцент болуп жүрүп, 2003- жылы “Болочок мугалимдердин экологиялык, укуктук маданиятын калыптандыруу” деген темада доктордук диссертациямды коргоп илимдин доктору болгом. Мугалимдик кесипти аркалаш деле жеңил эмес. Жакшы мугалим болуш үчүн билимиң жогору болушу шарт.

***- Качантан бери декандык кызматты аркалоодосуз?***

-1995- жылдан бери декан болуп келе жатам. Ага чейин кафедра башчысы ж.б. болгом. Ал кезде университеттин ректору болуп Алтай Бөрүбаев болчу. Андан кийин Амангелди Бекбалаев менен да иштештим. Алтай Бөрүбаевдин маалында факультеттин сырттан окуу бөлүмүнө декан болгом. А. Бекбалаевдин учурунда факультет институт болуп түзүлүп, институттун директору болуп иштегем. Институт болгондо студенттерибиздин саны көбөйүп, 1200 -1300гө чейин жеткен. 2005-2006- жылдары биология- химия өзүнчө, экология, жаратылышты таануу өзүнчө, экөө эки факультет болуп бөлүнгөн. 2006- жылы кайрадан биология жана химия факультетине декан болуп, азыркы күнгө чейин декан болуп иштөөдөмүн.

***- Декандык кызматтан түшпөй иштөөңүздүн себеби эмне?***

-Себеби жакшы иштегенден болсо керек. Декан жакшы иштеш үчүн кафедра башчылары жакшы болушу керек. Кафедрада абал тынч болсо, иш алдыга жүрүп турса, декандын да иши тынч болот. Декан өзүмчүл болбой, кафедра башчылары менен, мугалимдер менен кеңешип, калыс иш алып баруусу зарыл. Карамагыбызда үч кафедрабыз бар. 1. Биология жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы, 2. Жалпы химия кафедрасы, 3. Био ар түрдүүлүк кафедрасы. Ушул үч кафедрабыз менен студенттерибизге билим берип, окутуп жатабыз.



***- Факультетиңиздерде лабораториялык көргөзмө куралдарыңыздар жетиштүү элеби?***

-Мурдагыга караганда Кудайга шүгүр, лабораториялык жабдыктарды чекесинен алып жатабыз. Жылына 500 миң сомго жабдык алуудабыз. Азыркы учурда 300 миң сомго электрондук микроскоп алалы деп тендер жарыяланды. Компьютер, китеп ж.б. каражаттарыбыздын баары жетиштүү. Мен студенттерге көп айтам, мурда кандай элек, азыр кандай өнүктүк деп. Талаа практикасы бир учурда каралбай калган болчу. Азыр университеттин жетекчилиги атайын транспорт бөлүп берип студенттерибиз талаа практикасына байма-бай чыгышууда. КРнын Улуттук Илимдер академиясы менен тыгыз кызматташабыз. Жакында эле Айыл чарба министрлиги менен атайын келишим түздүк. Аталган министрлик биология илимине тиешелүү кымбат баалуу аппаратураларды алыптыр. Бирок аны кантип иштетишти билбей, эми аны биздин студенттер иштетип бермекчи болууда.

Ректор Төлөбек Абдырахмановду мактагандай болбоюн, бирок чынында Төлөбек Абылович университетке ректор болгону көп жакшы иштер аткарылды жана аткарылып жатат десем жаңылышпайм. Мисалы, университет жогоруда белгилегендей заман шартына ылайык жаңы техникалык жабдуулар менен камсыздалууда. Окуу корпустары, жатаканалар ремонттон өткөрүлүп оңдолууда. Билим берүүнүн сапаты жогорулоодо. Студенттерибиз, мугалим окутуучуларыбыз Республикалык жана эл аралык деңгээлде көп жакшы ийгиликтерге жетишип жатышат. Мына ушундай жакшы иштер аткарылып жатканын жашыргым келбейт.



***- Сиздердин факультетти аяктаган бүтүрүүчүлөр иш орундары менен камсыз болуп жатышабы?***

-Биздин факультетти аяктаган студенттерибиздин дээрлик көбү иш менен камсыз болуп атат. Себеби, өлкөбүздө мугалим адистигине суроо талап күч. Андыктан бизди бүткөн студенттер өздөрү каалабай эле иштебей койбосо, иштейм дегендер мектептерде, жогорку окуу жайларында, ж.б. тиешелүү кызматтарда иштеп эле жатышат.

***- Маегиңизге рахмат!***



Маектешкен
**МИРЛАН АЛЫМБАЕВ**




# ЖАҢЫ КИТЕП ЖАРЫККА ЧЫКТЫ

Мындан 1-1,5 ай мурда И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде "Котормо таануу: терминдердин кыскача түшүндүрмө сөздүгү" басып чыгарылды. Аны, кумдан алтын издегендей, бир топ жыл бирден чогултуп, ал ишке магистранттарын да тартып даярдаган келечеги кең, көп нерседен үмүттөндүргөн окумуштуу, ф.и.к., доценттин милдетин аткаруучу Кулалиева Калия. Мындай сөздүк республикабызда биринчи жолу чыгарылып жатат. "Сөздүк" котормо которуу жана котормо илими менен айланышкан адистерге табылгыс кенч. Буйруса ушул сөздүктүн шарапаты менен кыргыз котормо таануусунун илимий аппараты ажарланат, анын оош-кыйыш маселелерин түшүнүүгө жана чечүүгө, котормо текстти адекваттуу таанып билгенге багыт берилет. Дүйнөлүк котормо таануунун айлампасына алда качан киргизилген жана колдонулган бул терминдер ушул ишке өмүрүн сайып, колун жооруткан адистердин көп жылдык тажрыйбасынын жемиши. Бүгүн бул рухий кенч кыргыз илиминин горизонтунда карааны улам даана көрүнө баштаган Кулалиева Калиянын карандай мээнети менен улуттук менчигибизге айланып отурат. Бул терминдерди илимий иште колдонгонду мындай кой, жөн эле окуп чыксаң, илимий көз карашың кадыресе кеңейип башыңдагы бөркүңдөй көр.

Кулалиева Калия жөнүндө толугураак маалымат алгыңыз келсе, төмөнкү электрондук почтаны караңыз: kalia kulalieva@gmail.com

Мамлекеттик тил бөлүмү
**АБДИЛ ШЕРМАТОВ**



# Университеттин тамаша тартуулаган балдары ийгилик жаратышууда

Университеттин "You smail!" тамашоу командасы Баткен облусунун Кызыл -Кыя шаарында түптөлгөн. Тагыраак айтканда Кызы-Кыяда колледжде окуган үч жигит биригип аталган команданы түзүшкөн. Алар колледжди аяктаган соң борбор калаа Бишкекке келип И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине окууга тапшырып, университеттен аларга дагы эки жигит кошулуп, өздөрүнчө окуу жайдын атынан команда болуп түзүлүшкөн. Ошондон бери бул беш жигит окуу жайдын атынан көптөгөн тамашалуу кароо сынактарга катышып, алдыңкы орунду багындырып келишет. Мисалга алып айта турган болсок, мыкты команда, мыкты оюнчу деген грамоталарды багындырышкан, ректордун кубогуна арналган оюнда чемпион болушкан, премьер лигада 10-сезондун чемпиондору болушуп, баалуу байгелер менен сыйланышкан. Учурда жогорку лигада ойношууда. Талантуу студенттерди университет жетекчилиги дагы колдоого алып, көмөк көргөзүп келет.

КЕЛЕЧЕК СИЛЕРДИН КОЛДО ЖАШТАР!



# Максаты бийик, далалаты күчтүү студенттик кеңештин мүчөлөрү



СТУДЕНТ БУЛ ӨЗ АЛДЫНЧА ЖАШООНУ, БИЛИМ МЕНЕН ТУРМУШТУ АЙКАЛЫШТЫРГАН КЕЛЕЧЕКТИН КЕРЕГИНЕ ЖАРАЙМ ДЕП ЖАҢЫ ИДЕЯ, ЖАҢЫ КҮЧТӨРДҮ МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮҮСҮНӨ КОШУУГА ДАЛАЛАТ ЖАСАГАН ЖАШ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ ӨКҮЛДӨРҮ БОЛУШАТ ЭМЕСПИ. ОКУУ ЖАЙДАГЫ ТАЛПЫНГАН, АЛДЫҢКЫ СТУДЕНТТЕР БИРИГИП, СТУДЕНТТИК КЕҢЕШ ТҮЗҮШӨТ. И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУнун СТУДЕНТТИК КЕҢЕШИ ДА АБДАН ЖАНДУУ ИШ АЛЫП БАРЫШАТ. АЛ КЕҢЕШКЕ ЖАЛАҢ ЖАЛЫНДУУ ЖАШТАР ЧОГУЛГАН.

## Студенттик кеңештин аткарып жаткан иштери

Студенттерден түзүлгөн студенттик кеңештин курамында 60 га жакын студент иш алып барат. Университеттин ичинде жылына 100 гө жакын ар кандай маанидеги иш чараларды уюштурушат. Тактап айтканда, маданий, гуманитардык, ар кандай интеллектуалдык таймаштарды өткөрүшөт. Окуу жайдын жетекчилиги, ректорат менен, окутуучу мугалимдер менен тыгыз кызматташышат. "Кайдасың кайрымдуулук" аттуу иш чарасынын алкагында борбор калаадагы карылар, балдар үйлөрүнө барып өздөрүнүн акыбал, шарттарына жараша кайрымдуулук кылып, белек-беччектерди тапшырышат. Ошондой эле жалпы студенттердин демилгеси менен чет тилдер курсун уюштурушуп, бүгүнкү күндө ал курсту 400 дөн ашуун студент аяктап, атайын сертификаттарга ээ болушту. Ал курстан англис жана түрк тилдерин үйрөнө алышат. Былтыр студенттик кеңеш уюштурган окуу жайдын алдыңкы студенттери республикалык масштабда өткөрүлгөн "Интеллект дебат" клубуна катышышып, 20 дан ашык команданын ичинен экинчи орунду багынтышып, И. Арабаев атындагы КМУнун атын дагы бир жолу даңкташты. Мындан тышкары өткөн жылдын соңунда биздин студенттер Казакстандын Тараз облусундагы Тараз университетине барып, ал жактагы студенттер менен акыл таймаш өткөрүп, алдыңкы орунду алып келишти. Айтор, студенттик кеңештин аракети менен университетте мына ушундай жакшы иштер аткарылып жатканын баса белгилеп айта кетүүбүз зарыл. Студенттик кеңешти төмөнкү студенттер жетектешет. Мырза Кожомбердиев, студенттик кеңештин төрагасы, Даменов Жаныбек, премьер-министр





ТАЛАНТТУУ ЖАНА КЫЗЫКТУУ СТУДЕНТТЕР



*Кадырбек Көкүнбек уулу, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин көркөм өнөр жана билим берүү факультетинин 4-курсунун студенти:*

# “Сүрөт тартам, гитара, фортепианодо ойнойм”



***- Кадырбек, алгач өзүңүздү тааныштырсаңыз?***

Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Коргонду-Булак айылында төрөлгөм.

***- Канча жашыңыздан баштап сүрөт тартып, ушул чөйрөгө аралаша баштадыңыз эле?***

- Кичинекей кезимден эле ак барактарга, дубалдарга чиймелеп сүрөт тарта берчүмүн. Келген кишилерди кур кетирбей окшошсо да, окшошпосо да тартчумун. Эсимде, алтынчы классымда апамдын сүрөтүн тарткам, ал сүрөт апама аябай окшошкон эле. Ошондон баштап айылга таанылып, сүрөткө болгон кызыгуум күчөп кеткен. Андан соң сүрөт боюнча кароо сынактарга байма-бай катышып жүрдүм. Акырындап кызыгуу пайда болгондон кийин, сүрөт өнөрүнө болушунча арбалып, милдеттүү түрдө сүнгүп кирише баштадым.

***- Сүрөт өнөрү сизге ким тараптан өткөн, атаңыз жактанбы же тай жагыңызданбы?***

- Негизи атам да, апам да сүрөт тартышпайт. Менин чоң атам колунан көөрү төгүлгөн уста болгон экен, ошондон калса керек.

***- Баштапкы сүрөт окуу жайын качан, кайсыл жерден окугансыз?***

- Тагыраагы 2011-жылы мектепти аяктап, айтылуу Суймөнкул Чокморов атындагы кол өнөрчүлөр лицейин бүтүрдүм. Ал жерде эки жыл окудум. Булгары факультетинде. Ошону менен катар сүрөт өнөрүн да үйрөнө алдым.

***- Сүрөттү көбүнчө эмненин жардамы менен тартасыз?***

- Көбүнчөсү акварель боёгу менен тартам. Албетте карандаш менен да кезеги келсе иштейм. Басым жасаганым акварель боёгу.

***- Сүрөт өнөрүнүн аркасы менен кандай сыйлыктарга, ийгиликтерге ээ боло алдыңыз?***

- Ийгилигим тарткан сүрөттөрүм элге жайылганы, элдин купулуна толгонун негизги ийгилигим деп эсептейм. Кыргыздын улуттук оюну болгон көк бөрүнү тартуу боюнча ийгиликтерге да жетише алдым, жана ошол сүрөттөрдүн үстүндө көп иштей баштадым.

***- Тарткан сүрөттөрүңүздөн кайсыл ишиңиз сизге өтө жакын?***

- Жаккан сүрөтүмдөн эң биринчи тартканым бар, ошол сүрөттү тартып алып өзүм да таңгалып калгам. Алда көк бөрү. Улакты эңип, чаап бараткан тариздe болчу. Анын форматы кичинекей эле, ошентсе да абдан жагат, бат эле бүтүп калган, бир отурганда эле тартып койгом.

***- Сүрөт тартууда кандай эргүү аласыз, көбүнчө эмнелерди тартасыз?***

-Жогоруда айтып өтпөдүмбү, мага жаккан сүрөтүм көк бөрү депчи. Ошондуктан аттарды, адамдарды, жаратылышты көп тартам, жана алардан өзүмө эргүү алам.

***-Дүйнөлүк сүрөтчүлөрдөн кимди кумир тутуп, мотивация ала аласыз жана кайсы сүрөтчүлөрдү баалайсыз. Кимдердин иштери жагат?***

- Мага негизи орус сүрөтчүлөрү көп таасир берет. Илья Ефимович Репиндин картиналары жагат. Себеп дегенде анын композициялары, берген өң-түстөрү, тарткан ыкмасы өтө татаал болгон. Ошондуктан стили жагат, анын эмгектерин көп карайм, жана баалайм. Ошондой эле азыркы таптагы заманбап кытай сүрөтчүсү Юнь Сен Лювону да кумир тутам, эмгектери жогорку деңгээлде тартылган.

***- Кыргыз сүрөтчүлөрдөн кимди баалайсыз?***

- Азыркы сүрөтчүлөрдү карасак биринен-бири кыйын. Арасынан мага Данияр Жолдошбековдун эмгектери жагат, “Үркүндүн” автору. Ал эми көзү өткөн сүрөтчүлөрдөн Суймөнкул Чокморовду, Гапар Айтиевди баалайм.

***- Сүрөт тартуудан тышкары дагы башка кандай өнөрүңүз бар?***

-Көп эле нерсеге кызыгуум бар. Музыкалык инструменттерде ойнойм. Гитара, фортепианодо кол ойнотом.

***- Алдыда кандай ийгиликтерди чыгарайын деп жатасыз?***

- Талыкпай мээнеттенүү, ошонун аркасынан көп нерселер келет экен. Буйруса көп жакшы жетишкендиктерге жетишип атабыз. Бирок мен бул нерсеге азырынча канааттана элекмин. Дагы чыгара турчу көп нерселерим бар, болгону аракет кылыш керек, жалпысынан ушундай.

***- Азыркы өсүп келе жаткан жаш сүрөтчүлөргө кандай насаат айтып, дем күч бере аласыз?***

- Азыркы жеткинчек сүрөтчүлөргө айтарым, кайсы оку жайда окубагыла, талыкпаган эмгек кана керек. Баарысы адамдын өзүнөн. Канчалык аракет кылышса, сүрөт өнөрүнүн сырларын, кереметтерин ача аласынар дээр элем. Сүрөт өнөрүнө болгон кызыгуу бул эмгек деп эсептейм. Туура багыт менен иш алып барууну сунуштайм.



***- Маегиңизге рахмат!***

Маектешкен
**КУДАЙБЕРГЕН РАЙЫМКУЛОВ**



# КАТ КУРЖУН РУБРИКАБЫЗ СТАРТ АЛДЫ, ЧАМДАҢЫЗДАР

БИЗДИН БҮГҮНКҮ КАТ КУРЖУН РУБРИКАБЫЗГА И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН 3- КУРСУНУН СТУДЕНТТИ НУРСУЛТАН НАДЫРБЕК УУЛУНАН КАТ КЕЛИП ТҮШТҮ. КАТ ИНИСИНЕ АРНАЛЫП ЖАЗЫЛЫПТЫР. КАНДАЙ ЖАЗЫЛГАНЫН ОКУРМАН ӨЗҮҢҮЗ ОКУП БААМДАЙТ ЧЫГААРСЫЗ. УРМАТТУУ ОКУРМАН, УРМАТТУУ СТУДЕНТ, ЭГЕР СИЗДЕ НУРСУЛТАНДЫКЫ СЫЯКТУУ ЭРКИН ТЕМАДА ЖАЗЫЛГАН КАНДАЙДЫР БИР КОЛ ЖАЗМА БОЛСО ТОКТОБОСТОН ДАРОО БИЗГЕ АЛЫП КЕЛИҢИЗ. БИЗ КАРАП КӨРҮП ГЕЗИТКЕ БАСЫП, СИЗДИН ЖАЗГАНЫҢЫЗДЫ ОКУРМАНДАР МЕНЕН ТЕҢ БӨЛҮШҮҮГӨ ДАЯРБЫЗ. БИЗ СИЗДЕРДИ КҮТӨБҮЗ, ЧАМДАҢЫЗДАР...

## ИНИМЕ КАТ

Ассалоому алейкум бир тууган иним. Жалындаган жаштыктын мастыгы менен, турмуштун учурунда бааланбаган көз ирмемдери менен кезинде агалык тарбиямды бере албаганым убакыттын өтүшү менен байкалгандай. Бул нерсеге акыркы күндөрү көзүм жетип аздан болсо да сезгендеймин. Ошондуктан сенин өзүңө болбосо да кагаз бетине эрким жетип айта албаган сөздөрдү түшүрүп коюуну туура көрдүм.

Турмуш биз ойлогондой оңой эмес же болбосо биз жашап жаткан жашоодо күтүлбөгөн “сюрприздер” көп. Айтаарым, жашоодо кандай учур болбосун жөнөкөйлүк сапатыңдан жазбаганга аракет кыл. Анткени ал сени, сен ойлогондон да бийиктикке чыгарат. Айланаңдагы кээ бир адамдар сенин жан дүйнөңдө эмне болуп жатканын, андагы сезимдериңди, каалооңду жан дүйнөңдөгү ачылбаган сырга толгон сандыкты билбеши же болбосо түшүнбөшү мүмкүн, бирок сен эч качан жан дүйнөңө чыккынчылык кылба, болбосо жан дүйнөң сени убакыттын өтүшү менен жеп өтүшү толук мүмкүн. Жашоо кыйындаалың кайсы тепкичте болбосун ага каниет кыл. Келечекке болгон максатыңды эч качан жоготпо жана ага жетчү жолго алып бара турган багытыңдан жазба. Биз жашаган жашоо өзүбүздүн тандообузга ылайык жаман-жакшы, ак-кара, жеңиш жана жеңилүү ар дайым эриш-аркак жүрөт эмеспи, андыктан, учурду туура пайдаланып, өкүнбөгөндөй жашоону тандоо ар бирибиздин өзүбүздүн ишибиз. Өмүрдө жеңил жол деген болбойт. Биз күткөн нерсе бактылуулук, жыргалчылык татаал жолдо камтылган.

Сезимдер, жан дүйнөнүн ачылбаган орошон ойлору, азыркы убакыт менен бирге көөдөндө сакталып, кээде көкүрөктү жаргыдай күчү болсо да сыртка чыгууга билинбеген бир кичинекей нерседен кармалып, сакталып келет. Жашоо ушул ичтеги сезимдер менен кызыктыр жана ошол сезимдер аркылуу жашоону жакшы көрөбүз го дейм.

**Нурсултан Надырбек уулу,**
**И. Арабаев атындагы КМУнун филология факультетинин 3-курсунун студенти**

**БАШКЫ РЕДАКТОР:**
Мирлан Алымбаев

**ЭЛЕКТРОНДУК ДАРЕК:**
alimbaeff@mail.ru

**ДИЗАЙНЕР:**
Кубат Абышов

**НУСКАСЫ:** 1000
**БУЙРУТМА:**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**
Төлөбек Абдырахманов
Сыртбай Мусаев
Айчүрөк Калдыбаева
Шарапат Искендерова
Бакыт Мырзатаева

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган № 10170
Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Окурмандардын жарыялаган макалалары редакциянын көз карашын билдирбейт жана ага редакция жооп бербейт.

**ДАРЕГИ:**
Бишкек шаары
И. Раззаков көчөсү 49
**БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНУ:**
312 66 47 73, 0703 34-27-10

# Поэзия эс алдырат, поэзия эргитет...

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУда БИЛИМ АЛЫП ЖАТКАН СТУДЕНТТЕР АРАСЫНДА ЫР ЖАНДУУ, ТАЛАНТКА БАЙ, АКЫН, ЖАЗМАКЕР УЛАН-КЫЗДАР ӨТӨ КӨП. АЛАРДЫН ТАЛАНТЫ АЧЫЛУУГА ТИЙИШ. ЫРЛАРЫН УНИВЕРСИТЕТТИН ЖАЛПЫ ЖАМААТЫ ОКУП БИЛҮҮСҮ КЕРЕК. АНДЫКТАН, КАРАП ТУРБАСТАН, СТУДЕНТ, МУГАЛИМ ОКУТУУЧУ АГАЙ-ЭЖЕЛЕР БИЗДИН ГЕЗИТКЕ ЧЫГЫҢЫЗДАР. КУДАЙ БЕРГЕН ТАЛАНТТЫ ЖАШЫРБАҢЫЗДАР...



***Элмирбек кызы Айдина, И.Арабаев атындагы КМУнун студенти. «Жарыгым» аттуу ыр китебинин автору:***

## ЖАРЫГЫМ

*Ар ай сайын жаралган жаңы ырымсың,*
*Бергим келет, жашоомдун жарымын чын.*
*Жолум таппай адашсам айсыз түндө,*
*Караан болгон шамчырак жарыгымсың.*
*Кокус тайып, жолумдан жыгылганда.*
*Тамырымдан үзүлүп жулунганда,*
*Алтын колуң дартымды айыктырат,*
*Кайра мени жаш кылып кулундан да.*
*Жалгыздыкка тунжурап бөлүнгөндө,*
*Жашым төгүп, ийиниңе жөлөнгөндө,*
*Даяр элең ичиңе салып мени,*
*Ыңаалатып кайрадан төрөгөнгө.*

## АСЫЛ АДАМ

*Баары түгөл, керемет жашыл аалам,*
*Бакыт берет, бир учу казылбаган.*
*Берешени турмуштун апа сенсиң,*
*Берекеси түгөнгүс асыл адам.*
*Узун жолдун түштүм го сапарына,*
*Ыраазымын таңымдын атаарына,*
*Асыл адам, периштем коштуң мени,*
*Адамдардын эң мыкты катарына.*
*Жолдор бүтпөйт, кайрадан улам узун,*
*Мен тилеймин жашооңдун уланышын.*
*Кең пейилдүү, эх чиркин, асыл жансың,*
*Аман болчу апакем кубанычым.*

## КУУ СЕЗИМ

*Керек болуп акча мага тезинен,*
*Сага чалып, анан ылдам кезигем.*
*«Подход» кылып жалмалаңдап көргөн соң,*
*Чуркап барып, эркелейм да эзилем.*
*Ак сүйүүдөн кубат алып экөөбүз,*
*Олтурабыз кеп-сөз курап бакчада.*
*Сенин оюң менде болсо алтыным,*
*А меники сенден алчу акчада.*
*Сөздүн башын чыгарамын акырын,*
*Ага жетет ага жетчү акылым.*
*Көп узабай ырым окуп баштаймын,*
*Сен угарман, а мен болсо акыныӊ.*
*Укчу жаным ырахат ал ак ырдан,*
*Сен адамсың а мен болсо кабыргаң.*
*Эки миң сом керек эле берип тур,*
*«Минус» кылып мага берчү калыңдан.*
*Карызга да кыйнап сенден сурабайм,*
*Кемитип кой, жок дегенде калыңдан.*



***Нарынбек кызы Зуура, И.Арабаев атындагы КМУнун студенти:***

*Тагдыр мейли каалагандай калчасын,*
*Татаал жолдо бычак сындуу кайрасын.*
*Толкуну жазмышымды карыш урса да,*
*Токтолбостон сүзүп өтөм дайрасын.*

***

*Мейли бороон таштак жолго айдасын,*
*Мени алып барып бийик жарга такасын.*
*Мерчем таштап кадамым мээнет менен,*
*Мен издеймин, кел бакытым, кайдасың?!*

## АПАМА

*Кат жазам, калем колдо сизге арнап,*
*Карааның эстетет эх моокум канбай.*
*Аруулук тартуу этип жаап турган,*
*Ак сүйүүм апа сизге аппак кардай.*

***

*Бешенемден сүйүп мени ойготчу элең,*
*Берметтей жүзүң жаркып аруу таңда.*
*Артынып зор үмүтүң окуп жүрөм,*
*Апаке сизден узап алыстарда.*

***

*Жашоомо көз жүгүртүп байкап көрсөм,*
*Эң жакын адам мага апа сенсиң.*
*Турмуштун ачуу, таттуу сыноосунда,*
*Бизге деп ден соолукту бергендейсиң.*

***

*Санаа тартып «кызым» деп ойлондуңбу?*
*Сагындым жылуу, жумшак колдоруңду.*
*Сага деп Жаратканым камдаса экен,*
*Самаган бейишиңен гүл орунду.*



***Камчыбекова Табихат, И.Арабаев атындагы КМУнун студенти:***

## «УЛУУ ЖОЛДУН УСТАТЫ»

*Болгучакты жашоо кыямат,*
*Басык улап жашоо уланат.*
*Булганычтуу жашап адамдар,*
*Болбогула кылаар кыямат.*

*Күнүн күүлүү кылым карытар,*
*Күлүк менен күлүк жарышаар.*
*Көз чаптырган акыл ээлери,*
*Карт тарыхты китеп жазышаар.*

*Саманчынын жолу кылымдар,*
*Сага, мага күбө кымыңдап.*
*Согуш оту өчсүн түбөлүк,*
*Сансыз жылдыз жансын жымыңдап.*

*Эрте келди учуп турналар,*
*Эртеңкиден белги бул кабар.*
*Эшик каккан ошол кандуу жыл,*
*Эске салып колун булгалаар.*

*Эсте калган алгач мугалим,*
*Элдин ачкан катын, сабатын,*
*Эң бийикке алыс учту эле.*
*Эселектер күүлөп канатын.*

*Ошол доордун тартып сүрөтүн,*
*Бүт дүйнөгө бүтүн тааныткан.*
*Өчпөс изди энчи ала алды,*
*Чыңгыз-бийик өчпөс тарыхтан.*

*Өчпөс элдин бири экенбиз,*
*Өргө тартар жолду арыткан,*
*Элим бийик улут экенин,*
*Өзгөлөргө Чыңгыз таанытkан.*

*Кыргыз бийик улут экенин,*
*Кылымдарга Чыңгыз таанытkан.*